# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕГИ КӨРКӨМ ӨНӨРҮ САБАГЫНЫН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАДАНИЙ БААЛУУЛУКТАРЫ МЕНЕН БОЛГОН БАЙЛАНЫШТУУЛУГУ

**Мамбеталиев Ж.Т.**
*Мамбеталиев Ж.Т. – изденүүчү, С.Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*

УДК 372.8

***Аннотация*** *Бул макала жалпы билим берүүчү орто мектептерде көркөм өнөр сабактарын окутууда Кыргыз элинин маданий баалуулуктарын эске алуу менен балдарга билим берүүнүн маанилүүлүгүнө арналат. Көркөм билим берүү аркылуу Кыргыз элинин маданий баалуулуктарын, тарыхый-маданий эстеликтерин, тарыхый архитектуралык курулуштарын, эзелтеден бери колдонулуп келген буюм-тайымдарын сүрөттөө аркылуу окуп үйрөнүүгө болот. Бул макала Кыргыз элинин тарыхый жана маданий эстеликтерине, күнүмдүк турмушта колдонулуп келген буюм-тайымдарына болгон илимий изилдөөлөргө, китеп-журналдардагы маанилүү маалыматтарга таянуу менен иштелип чыкты.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *көркөм билим берүү; көркөм өнөр искусствосу; эстетикалык; көркөм маданият; жан дүйнө; шык-жөндөм; көркөм ишмердүүлүк; көркөм сүрөт; оймо-чийме.*

***Аннотация*** *Данная статья рассматривает вопрос о важности урока изобразительного искусства при обучении детей, культуры Кыргызского народа в обшеоразовательных средних школах. Интерес к национальной культуре повышает духовный потенциал личности. Освоение искусства родного края как мира целостной культуры, его нравственных и духовных ценностей помогает раскрыть в душе личности человеческие качества, связывающие ее со своим народом*

***Ключевые слова:*** *художественное образование; изобразительное искусство; эстетический; художественное культура; духовный; талантливый; художественный деятельность; изобразительный; узоры.*

Быйылкы 2017-жыл, Кыргыз Республикасынын Президенти А.Ш.Атамбаев тарабынан **“Ыйман, адеп жана маданият”** жылы деп аталып, Кыргызстан ийгиликтүү өнүгүшү үчүн жарандарыбыз, жаштарыбыз адилеттүү жана ыймандуу, терең билимдүү, башка ой- пикирлер менен көз караштарга сабырдуу болуп тарбияланууга жана албетте, өз элинин тарыхы менен маданиятын билүүгө тийиш. Ошондуктан, азыркы шартта заманбап билим берүү, маданият жана маалымат саясатын калыптандыруу, өз тарыхыбыз менен маданиятыбызга таянуу аркылуу таалим-тарбия системасын түзүү мамлекеттин маанилүү милдети болуп саналат. Кыргыз Республикасынын стратегиялык милдеттерин жүзөгө ашыруу, мамлекет менен коомдун күч-аракетин түздөн-түз адамга, анын руханий дүйнөсүнө, адеп-ыйманына жана маданиятына багыттоо максатында, ошондой эле коомчулуктун кайрылууларын эске алып, токтом кылам: Кыргыз Республикасында 2017-жыл “Ыйман, адеп жана маданият” жылы деп жарыялансын [1].

Ар бир баланын таланты менен шык-жөндөмүн ачуунун жана өстүрүүнүн натыйжалуу системасын түзүү, заманбап билим берүү боюнча баса белгиленди. Кыргыз искусствосуна арналган атайын эмгектерде, ал оймо-чиймелүү декоративдик искусство катарында каралат. Бүткүл дүйнөлүк билим берүү системасынын бардык баскычтарында «Көркөм билим берүү» багытындагы дисциплиналар киргизилген. Анын ичинде Кыргызстанда бала бакчалардан баштап, башталгыч жана орто билим берүүчү, атайын адистик жана жогорку билим берүү мекемелеринде «Көркөм өнөр» жана көркөм искусство дисциплиналары окутулуп келе жатат. Көркөм маданияты болбой эл болбойт. Маданият - адамзат тарабынан түзүлгөн жана коомдун өнүгүшүнүн кандайдыр бир деңгээлин мүнөздөгөн материалдык жана рухий баалуулуктардын жыйындысы. Ал эми, искусство - адабиятты, архитектураны, скульптураны, сүрөтчүлүктү, графиканы, декоративдик-колдонмо искусствону, музыканы, бийди, театрды, кинону жана башка адам ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн камтыган тиричиликтин формасын көркөм-образдуу чагылдырып бириктирген көркөм чыгармачылык болуп эсептелет.

Кыргыз элинин маданий көркөм өнөр искусствосуна кайрылып көрсөк, кыргыз элинин жасалга-колдонмо искусствосу байыркы доордо эле калыптанып өнүгүп келген. Анын материалдык негизин мал чарбачылыгынын продуктулары, жыгачты, металлды ж. б. иштетүүгө байланышкан үй өндүрүшү түзгөн. Бул өндүрүшкө эмгекке жарактуу ар бир үй-бүлө мүчөсү катышкан. Үйдөгү өндүрүш жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү жалаң эле үй тиричилигине жана турмуштук зарылчылыкка шартталбастан, элдин сулуулукка, кооздукка, өнөргө умтулуусуна да байланыштуу болгон.

Эстетикалык керектөөнү канааттандырууга, тиричиликти көркөмдөөгө болгон мүмкүнчүлүктү толук пайдаланууга умтулуу көркөм кол өнөрүнүн ар тармагын өнүктүргөн. Ал өзүнүн көп түрдүүлүгү, оймо-чиймесинин (орнаменттик) тактыгы, өзгөчөлүгү түстөрдүн жана тондордун айырмалуулугу, бай, ажайып фантазиясы менен белгнленген. Көчмөн турмуш көркөм искусствонун өнүгүш мүмкүнчүлүгүн чектегенине карабастан, узакка пайдаланууга ылайыкташылган турмуш-тиричилик буюмдары (турак жайынын ички, тышкы жасалгасы, аялдардын кооздук, азем буюмдары, ат жабдыктары) гана эмес, күнүмдүк кийим-кече, үй тиричилигинде дайыма урунула турган буюмдары дагы көркөм чыгармачылыктын деңгээлин көрсөтө алган.

Үй шартындагы өндүрүштө жана кол өнөрүнөн жасалган ар кандай көркөмдөлгөн буюмдар турмуш-тиричиликте пайдаланылган. Элдин аң-сезиминде кол өнөрү турмуш-тиричиликтен ажырагыс болуп эсептелген. Кыргыз көркөм өнөрүнүн кайталангыс шедеврлери сыймыктанууга татыктуу болсо дагы, ал көркөм чеберчиликтин уникалдуу үлгүсү катары бааланбастан, турак жайдын же интерьердин бир бөлүгү, кийим-кече, же ат жабдыгынын ажырагыс элементи катары кабыл алынган да анын көркөмдүүлүгүнө караганда, пайдаланууга ыңгайлуулугу жогору бааланган. Кыргыз элинин жогорку деңгээлдеги чеберчиликке жөндөмдүүлүгү, дилгирдиги өзгөчө көркөм өнөр искусствосунан ачык көрүнгөн [2].

Окумуштуу, искусство таануучу В.Чепелев кыргыз декорунун өзгөчө белгиге ээ экенин көрсөттү. Өзүнүн мазмуну боюнча кыргыз оймо-чиймеси баяндуу болуп саналат, башкача айтканда ал реалдуу дүйнө жөнүндө конкреттүү түшүнүктөрдү да билдирүүгө жөндөмдүү жана ага реалисттик маанайдагы мотивдер жат эмес. В.Чепелевдин ушул эле пикирин А.Ромм өзүнүн “Кыргыз ССРинин көркөм - сүрөт искусствосунун тарыхынын очерки” деген эмгегинде колдоп чыккан [3].

Көркөм өнөр предметинин маңызынын баалуулугу мында: окуучулардын дүйнөгө болгон эмоционалдык-баалуулук мамилесинин өнүгүшүнө маанилүү басым жасаган багыт, анын ички жан-дүйнө тарбиясына, чыгармачылык потенциалын жана жөндөмдөрүн өнүктүрүүчү, мейкиндиктеги ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн жана ички туюмдарын жөнгө салат десек болот. Негизги мектепте көркөм өнөрүн окутуу аркылуу улуттук маданий салттык, өткөрүп берүүчүлүк жөндөмдөрүнүн өнүгү-

шү уланат, ата – мекендик маданияттын тагдырына күйгөн абалдагы сезимдерине тарбияланат, Кыргызстандын көркөм маданий мурастарына болгон сарамжалдуу мамилеси жана ага болгон сыйурматы калыптанат, ошондой эле дүйнө элдеринин искусствосуна болгон кызыгуусу артат.

Окуу предметинин мазмуну окуучуларга көрүүчүнүн көркөм компетенттүүлүгүн түзүүгө жардам берет, чыгармалардын ар кыл түрлөрүн жана искусство жанрларын анализдөөгө жана аны кабыл алуу көндүмдөрүнө ээ кылат. Көркөм-эстетикалык жактан өнүктүрүү - өзүк социалдашуу шартында маанилүү, адамдын маданий чөйрөгө аралашуусуна көмөктөшөт. Практикалык ишмердүүлүктүн формасында көркөм өнүгүүнү ишке ашыруу процессинде туруктуулук менен окуучунун конфорттук чөйрөсү түзүлүп, чыгармачылык активдүүлүгүнө түрткү берет. Бул курстун мазмунун өздөштүрүү процессинде коммуникативдик сапат өнүгөт жана активдүү турмуштук позициясы эстетикалык маданий чөйрөнү кайра куруу үй бүлөөдө, мектепте, шаарда, айыл жеринде элдик маданий салттарды сыйлоо мамилеси жана эл аралык макулдашууларда маданий иш аракеттерде биргелешип иш алып баруучулук маданий билимдерге ээ болот. Кыргыз көркөм искусствосу эщ бай мурастарга ээ экендиги тарыхта белгилүү болуп, башка улуттагы элдердин кызыгууларын арттырып келе жатат, мындай маданий баалуулуктарды билим берүү мекемелеринде жаш өспүрүмдөргө жеткирүү максатында теориялык жана практикалык билимдерди жеткиликтүү берүүнүн мааниси дагы чощ. Мындай маанилүү маданий маалыматтарды мектеп программасындагы көркөм өнөрүнүн бардык негизги түрлөрү аркылуу окутууга болот: өзүнөн карап сүрөт тартууда бир канча мезгилдерден бери колдон-колго өтүп келген элдик буюм-тайымдар; темага карата сүрөт тартууда элдик салттар, оюндар жана табияттын көрүнүшү; декоративдик сүрөт тартууда элдик колдонмо-жасалгалар, оюм-чийимдер; искусство жөнүндө аңгеме түрүндө көркөм чыгарма ишмерлеринин өмүрү жана чыгармачылыгы, алардын бардык жанрдагы чыгармаларына анализ жүргүзүү. Ушундай типтеги аска бетиндеги сүрөттөрдүн – петроглифтердин байыркы манераларынын түздөн-түз өнүгүшү болуп саналат, алар Кыргызстандын искусствосунда эң байыркы доорлордон – коло жана сак доорунан бери жашап келе жатат. Кыргыз оймо-чиймеси абстрактуу форма жаратуучулук болбостон, баяндоочу оймо-чийме болгондугунун фактысынын өзү эле кыргыз декоративдик өнөрүнүн реалисттик искусство менен тектештигин ишенимдүү айтып турат. Чындыгында кыргыз искусствосунда реализмдин белгилери мүнөздүү деген тезисти толук далилдөөгө болот.

Кыргыз оймо-чиймесин изилдеп-үйрөнүү боюнча көп жылдык эмгегинде М.В.Рындин анын өтө бай жана ар түрдүү экендигин, эң башкысы маңыздык мааниси бар экендигин көрсөткөн.

Корутундулап айтканда:

1. Кыргыз элинин көркөм маданий мурастарын орто мектептердин «Көркөм өнөр» предметтик сабактарынын программаларына айкалыштырып балдарга окутуунун мааниси чоң экендигин көрсөк болот.
2. Билим берүүчү мекемелерден алган көркөм билимдерин чыгармачылык менен турмушта колдонуу аркылуу элдик салттуу буюм-тайымдарды азыркы мезгилдин ыргагына жараша кебин бузбастан жаңы дизайн менен алмаштыруу аракеттери ишке ашат.
3. Орто мектептен алган көркөм билимдеринин таасири алдында өнүгүп бара жаткан өлкөлөрдүн өндүрүшүндөгү, курулушундагы маданий жаңылануулары өз мекенинде ишке ашыруунун жащы ыкмаларын ойлоп табуу жөндөмдөрүнө ээ болот. Ишке ашкан жаңы ойлоп табууларды ишке ашыруу менен улам кийинки муундарга көркөм-сүрөт искусствосунун жетишкендиктери аркылуу өткөрүп беришет.
4. Көркөм эстетикалык жактан сабаты жоюлган адам өзү эле ар тараптуу өнүккөн, ыймандуу жана маданияттуу адам болушунда шек жок.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы. https://sputnik.kg/Kyrgyzstan/20170105/1031124054/2017-zhyl-yjman-adep-zhana-madaniyat-zhyly-dep-zharyyalaydy.html
2. http://students.com.kg/publ/taryh/kyrgyz_ehlinde_koldonmo_iskusstvonun_n_g_sh/3-1-0-62
3. http://students.com.kg/load/referat/taryh/kyrgyz_ehlinin_iskusstvosu_bojuncha_zhazmalar/6-1-0-94

***Рецензиялаган: п.и.д., профессор Т.М.Сияев***